**И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН ТАРЫХ ЖАНА МАДАНИЙ МУРАСТАР ИНСТИТУТУ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д.07.16.528**

**Кол жазма укугунда:**

**УДК 94 (575.2)**

**АРИПОВ ТУРГУНАЛЫ ШЕРИЕВИЧ**

# ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНҮН ЭКИ-СУУ АРАСЫНДАГЫ КЫРГЫЗДАРДЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫК ҮЧҮН КҮРӨШҮ (XVIII – XIX кк.)

**Адистиги 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы**

**Тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын**

**А В Т О Р Е Ф Е Р А Т Ы**

**Бишкек – 2016**

Диссертациялык иш К. И. Скрябин атындагы Кыргыз Улуттук агрардык университетинин тарых жана философия кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** КРУИА корреспондент-мүчөсү, тарых илимдеринин доктору, профессор
Өскөн Осмонов

**Расмий оппоненттер:** тарых илимдеринин доктору, профессор
Ташманбет Кененсариев

тарых илимдеринин кандидаты, доцент
Темир Асанов

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университети Кыргызстан Тарыхы археология жана этнология кафедрасы

Диссертация 2016-жылдын «30» декабрь саат 16-00 дө 720026, Бишкек ш., Разаков көчөсү, 51а дареги боюнча И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Тарых жана Маданий Мурас Институтунун алдындагы тарых илимдеринин доктору (кандидаты) жана окумуштуулук даражасын ыйгаруу боюнча Д.07.16.528 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., Разаков көчөсү, 51а, 2-корпус, жыйындар залы. Диссертация жана автореферат менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасында таанышууга болот. Диссертациянын толук тексти жана автореферат “arabaev. kg” сайтында жайгаштырылган.

Автореферат 2016-жылдын «30»-ноябрда таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, т. и. д., профессор** **Курбанова Н.У.**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Теманын актуалдуулугу.** 2012-жылдын 27-январында Кыргыз Республикасынын президенти А. Ш. Атамбаевдин “Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын окуп үйрөнүүнү тереңдетүүнүн жана атуулдук мекенчилдикти калыптандыруунун чаралары жөнүндөгү” жарлыгы, ал эми 2015-жылдын 30-декабрында “2016-жылды тарых жана маданият жылы” [253] деп жарыялашы кыргыз элинин өткөн тарыхын тереңдетип изилдөөнү, жаңы тарыхый маалыматтарды илимий айлампага киргизүүнү, жана илимий концепцияларды жаратууга милдеттендирип гана койбостон мекенчилдик сезимди калыптандырууна шыктандырат. Ушул өңүттөн алып караганда Кыргызстандын тарыхнаамасында XVIII–XIX кылымдардагы Эки-Суу арасындагы кыргыздардын тарыхы жана азаттык үчүн күрөштөрү актуалдуу маселелердин бири.

Анткени, совет мезгилинде таптык идеологиялык көз караштан улам кыргыздардын Жунгар, Кокон хандыктарынын, Россия империясынын мезгилиндеги Эки-Суу арасындагы азаттык күрөштөрү өз алдынча изилденбей, бир жактуу баа берилип келген. Ошол эле учурда Эки-Суу арасына байланышкан айрым тарыхый фактылар өз учурунда кагаз бетине түшүрүлбөй, элдин эс-тутумунда сакталып калган. Кулчагач жана анын урпактары Нарботобун ишмердүүлүгү, эки-суулук кыргыздардын азаттык үчүн күрөшүүдөгү ролу элдик дастандарда, санжыра булактарында гана сакталып калган.

XVIII–XIXкылымдарда Фергана өрөөнүндөгү Эки-Суу аймагындагы кыргыздардын калмактарга каршы күрөшүүдө, Кокон хандыгындагы отурукташкан жана көчмөн калктардын ортосундагы саясий күрөштө, Кыргызстандын түштүгүн Россия империясына каратууда маанилүү стратегиялык аймактын бири эле.

Демек, бизге белгилүү болгон жазма, оозеки тарыхый булактарга таянуу менен Эки-Суу арасындагы кыргыздардын азаттык күрөштөрүн изилдөө учурдун талабы экендиги шексиз.

**Диссертациялык теманын ири илимий долбоорлор, программалар менен байланыштуулугу.** Диссертация мамлекеттик жана ведомстволук долбоорлор, программалар менен байланыштуу эмес.Илимий иш изилденүүчүнүн жеке демилгеси менен даярдалган эмгек.

**Изилдөөнүн объектиси** – Фергана өрөөнүнүн Эки-Суу арасында жашаган кыргыз уруулары.

**Изилдөөнүн предмети** –Эки-суулук кыргыздардын XVIII–XIX кылымдардагы Жунгар, Кокон хандыктары, Россия империясынын доорундагы азаттык күрөштөрү.

**Изилдөөнүн максаты** - Фергана өрөөнүнүн Эки-Суу арасында жашаган кыргыз урууларынын XVIII–XIX кылымдардагы тарыхын жана

азаттык күрөштөрүн комплекстүү изилдөө. Аталган максатты ишке ашыруу үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлду:

- Эки-Суу арасындагы кыргыздардын XVIII кылымдагы коомдук-саясий абалына сереп салуу.
- Эки-суулук кыргыздардын калмактарга күрөшүнө анализ жүргүзүү
- Кокон хандыгынын доорундагы эки-суулук кыргыздардын саясий окуяларга катышуусуна талдоо жүргүзүү
- "Кыпчак кыргынындагы", Мамыр Мерген уулунун жетекчилиги астында көтөрүлүштөгү эки-суулук кыргыздардын ролун аныктоо.
- "Кышкы экспедициясынын" жүрүшүн жана анын кесепеттерин изилдөө.
- Азаттык үчүн күрөштөгү Кулчагач жана анын урпактары Нарботобун ишмердүүлүгүнө баа берүү

## Изилдөөнүн илимий жаңылыгы

- Кыргызстандын поссоветтик доордогу тарыхнамасында Фергана өрөөнүнүн Эки-Суу арасындагы кыргыздардын XVIII-XIX кк. саясий тарыхы, азаттык күрөштөрү биринчи ирет комплекстүү түрдөө изилдөөгө алынды
- Азаттык үчүн күрөштө эки-суулук кыргыздардан чыккан айрым тарыхый инсандар, жана алардын ичинде Нарботонүн саясий ишмердиги такталды, ролу көрсөтүлдү
- Эки-суулук кыргыздардын Жунгар, Кокон хандарынын, Россия империясынын доорундагы күрөштөргө жаңыча берүүгө аракет жасалды.

## Коргоого алынып чыгылуучу негизги жоболор

- XVIII-XIX кк. кыргыз элинин тарыхындагы татаал мезгилдерден болуп, анда кыргыздар жоокерчилик менен өмүр сүрүп, бирдиктүү бир мамлекетти түптөй албай, саясий бытырандычылыкта жашашкан. Мындай абалдан Ойрот хандыгы, кытайлар, казактар, Кокон бийликтери кыргыз жерлерин басып алууга аракеттенишип, кол салып турушкан.
- Жунгарлардын басып кирүүсүнүн натыйжасында кыргыздар үч топ менен чегинген. Биринчи тобу Ысcык-Көлдөн, Чүйдөн, Таластан Ферганаы, Гиссарды карай качышкан. Экинчи тобу калмактар менен ымала кылып, аларга баш ийип, кызматташып калып калышкан. Үчүнчү тобу Тогуз-Торонун, Чаткалдын жана Алайдын кокту-колотторуна аяңдап, капчыгайлардын оозуна, ашууларга кароол коюп, калмактарга тынымсыз кол салып партизандык согушту уланта беришкен.
- Эки-Суу арасын мекендеген кыргыз уруулары үчүнчү топко кирген. Эки-суулуктардын даанышман уруу төбөлдөрү, кайратман баатырлары кошуун курап, калмактар менен жан аябай салгылашкан. Бул кандуу кү-

рөштөрдө түштүк кыргыздарынын далай тарыхый инсандары өзүнүн мекенчилдигин, кыргыз жерин сактоого башын сайып койгон баатырдыгын көрсөтө алышкан.

- Калмактардын жапырыгына карата түзүлгөн тышкы коркунучтун шартында жоокерчилик турмушка карабастан кыргыз уруулары кээде бириге алышкан жана мекенди, элди-жерди коргоо ишине бирге аттанышкан.
- Калмактарга каршы боштондук күрөштөрдө Кокон хандыгы менен кыр-гыз төбөлдөрүнүн өнөктөштүгү маанилүү саясий ролго ээ болгон. Муну менен Фергана өрөөнүн жердеген түрдүү калктардын ынтымагы бекем-делген. Натыйжада калмак баскынчылары кыргыздардын үстүнөн турук-туу бийлигин орното алган эмес. Кыргыз эли өз эркиндигин сактап калган.
- Жунгар хандыгы жоюлгандан кийин, калмак баскынчыларына, циндик Кытайга каршы бирге чыккан кыргыз, казак, өзбек өнөктөштөрдүн ортосунда, тилекке каршы ырк кеткен. Бул тенденция казак султандарынын, Кокон бийлеринин, циндик төбөлдөрдүн кыргыз жерлерине көз артуусуна алып келген.
- Ошол эле учурда түштүк кыргыз урууларынын төбөлдөрү Кокон хандыгын өздөрүнүн мамлекети катары кабыл алышып, ордо саясатына активдүү катышышкан. Бул Кокон хандыгынын 1842-1876-жылдарды камтыган үчүнчү этабында жогорку деңгээлге жеткен.
- Кокон хандыгынын ички саясатына Эки-Суу арасындагы кыргыз, кыпчак урууларынын бийлери активдүү катышып, хандыктын саясий турмушуна зор таасир этишкен. Бирок, Мусулманкулдай карөзгөй саясатчынын ишинин натыйжасында эки-суулук кыргыз-кыпчак мамилесине доо кетип, натыйжада сартия тобуна таянган Кудаярхандын кыпчактарга каршы тукум-куруттук кыргыны уюштурулган.
- Кудаяр хандын элге каршы ырайымсыз саясаты Фергана тургундарын, анын ичинде эки-суулуктарды кыжырлантып, 1871-75-жылдары бир катар көтөрүлүштөрдүн башталышына себепчи болгон. 1873-76-жылдардагы элдик кыймылдын төрт очогунун негизгилеринин бири болгон Эки-Суу арасындагы көтөрүлүш, анын башында турган Мамыр Мерген уулунун ишмердиги эки-суулук кыргыздардын азаттык күрөшүнүн даңктуу барактары болуп эсептелген.
- Кокон ордосундагы саясий баш-аламандыктан пайдаланган орус колонизаторлору 1875-жылдын августунда Ферганага басып кирген. Алгач Кудаяр ханга каршы чыккан Искак Асан уулу Полот хан башында турган элдик көтөрүлүш эми азаттык, антиколониялдык мүнөзгө айланган.
- Орусия колонизаторлору көтөрүлүштүн негизги таянычы, азаттыктын негизги күчү экисуулук кыргыз, кыпчак уруулары экенин таасын түшүнгөндүктөн 1875-жылдын декабрь айынын акырында Эки-Суу арасына “Кышкы экспедиция” деп аталган согуштук талоончул жортуул уюш-

турулган. Аны орус генералы М.Д.Скобелев жетектеп, болуп көрбөгөндөй ырайымсыздык менен ишке ашырган. Бул тукум-курут жүрүшү Эки-Суу арасынын тарыхындагы эң трагедиялуу окуя катары элдин эсинде сакталып калган.

- Бирок, орус баскынчыларынын мүдөөсү толук максатына жеткен эмес. Эркиндикти сүйгөн кыргыз элинин эрки майтарылбаган. Эгемендүүлүктүн баалуулугун андан кийинки тарых барактары тастыктап турат.
- Кыргызстандын түштүгүндөгү Эки-Суу арасын жердеген кыргыз урууларынын XVIII-XIX кк. саясий тарыхы, ал өрөөндөн чыккан тарыхый инсандардын тарых-таржымалы, ишмердиги илимий адабияттардын жана түрдүү булактык материалдардын негизинде дагы да иликтөөгө алына берет.

**Изилдөөнүн методологиялык негизи.** Изилдөөнүн методологиялык негизин тарыхыйлык, диалектикалык биримдик, жана системалык-структуралык принциптер түздү. Ошондой эле теманы толук баамдоо үчүн, изилдөө процессинде актуалдаштыруу, салыштырмалуу, тарыхый-генетикалык, доорлорго бөлүштүрүү ыкмалары кеңири колдонулду.

**Изилдөөнүн хронологиялык чеги.** XVIII-XIX кылымдардагы саясий окуяларды ичине камтыйт. Анткени бул мезгилдерде эки-суулук кыргыздар азаттык күрөшүн жүргүзүшкөн.

**Автордук жекече илимий салымы төмөнкүлөр менен аныкталат.**

Автор тарабынан акыркы беш жыл аралыгында эки-суулук кыргыздардын( азыркы Ноокен, Базар-Коргон райондорунун) элдик санжырасында сакталык келген, азаттык үчүн күрөшкөн инсандардын ишмердиктерине байланышкан маалыматтарды топтоого жетишти. Кулчагач хан жана анын урпактарына байланышкан материалдарды басып чыгарууга жетишти.

**Диссертациянын илимий–практикалык мааниси**

Диссертациянын материалдарындангы камтылган илимий жоболор, көз караштар жана изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын, жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн. Илимий эмгектеги айрым инсандардын ишмердиги Кыргызстан тарыхынын инсантаануу маселеси боюнча Жогорку окуу жайларда атайын курстарды даярдоодо, илимий эмгектерди басып чыгарууда жана лекциялык материал катары колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык эмгектеги азаттык үчүн күрөшкөн кыргыздардын басып өткөн жолу, айрым инсандардын элди бириктирүү аркеттери, жаш муундарды мекенчилдике тарбиялого, улуттар аралык ынтымактыкка сактоого, үндөөгө үгүтөшү мүмкүн.

**Изилдөөнүн илимий жыйынтыктарын апробациялоо**

Диссертациянын мазмуну жана илимий жыйынтыктар бир катар эл

аралык жана республикалык илимий-практикалык конференцияларда, илимий жыйнактарда апробацияланган. Илимий иш боюнча автордун 12 макаласы,“Эки-Суу арасындагы кыргын”. (Б.,2011.219-б.); “Кыргызстан XVI-XIX кылымдарда. Кыргызстандын түштүгүнөн чыккан улуу инсандардын көз карандысыздык үчүн күрөшү». (2013. 237-б); “Эки-Суу арасы XVI кылымда жана XVIII-кылымдын биринчи жарымында”.(Б.,2016. 117-б); “Эки-Суу арасы XVIIIкылымдын экинчи жарымынан XIXкылымдын аягына чейин”-(Б,, 2016.159-б)- аттуу эмгектери жарык көргөн.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.**Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн, 3 баптан, корутунду, практикалык сунуштамадан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**“Илимий маселенин тарыхнаамасы, булактык базасы жана методдору”** деп аталган бапта илимий маселенин изилдөө деңгээли, булактык базасы жана изилдөө методдоруна анализ жүргүзүүгө арналган. Эки-Суу арасындагы кыргыздардын азаттык күрөшүнө арналган илимий эмгектерди үч доорго бөлүп кароого болот: а)революцияга чейинки доордогу авторлордун эмгектери, б) советтик доордогу илимий эмгектер, в). Эгемендүүлүк учурундагы илимий эмгектер.

Революцияга чейинки доордогу эмгектерге XVIII-XIX кылымдардагы Эки-Суу арасындагы кыргыздардын азаттык күрөшүн чагылдырган орус тарыхнаамасынын өкүлдөрү болушкан аскер адамдарынын, чыгыштаанучулардын жол күндөлүктөрү, эскерүүлөрү, рапорттору, каратып алуу маселесин чагылдырган көлөмдүү эмгектерин кошууга болот. Авторлордун басымдуу көпчүлүгү Кокон хандыгын аймагына падышачылык тарабынан жиберилген өкүлдөр, Кыргызстандын түштүк аймагын каратууда “Кышкы экспедицияга” катышкан аскер адамдары болушкан. Ошондуктан алардын эмгектеринде Эки-Суу арасындагы окуялардын жүрүшүн сүрөттөө өзүнүн мазмуну, тарыхый фактылардын аныктыгы менен башка эмгектерден айрымаланат..

XVIII к.экинчи жарымында Кокон хандыгынын аймагында болуп, түшүтүк кыргыздар туурасында маалымат берген авторлордун бири, орус армиясынын өкүлү Ф. Ефремов болуп саналат. «Оштон Кашкарга чейин ат менен 13 күндүк жол. Ош менен Кашкардын ортосундагы тоолордо кыргыз-кайсактардын өзгөчөлөнгөн уруусу кыргыздар жашайт»- деп билдирген [175, 197-199-бб]. Ал эми 1812-1813-жылдары Кокон хандыгынын аймагын кыдырган Ф. Назаров «Андижан, Кашкар менен чектешип, айыл-кыштактар менен курчалган, анын айланасында көчүп жүрүшкөн кыргыздар менен соода жүргүзүшөт»-деп билдирген [107,56-б]. Кыргызстандын түштүк аймактары жөнүндө маалыматтарды М. Пос-

пеловдун жана Т. Бурнашевдин [195], Р. Данибегашвилинин эмгектеринен алууга болот [206, 36-37-бб.]. Алар кыргыз урууларынын жашаган аймактар, кесиби туурасында жазышып, бирок анжыяндык кыргыздар жөнүндө маалымат учкай гана сөз кылышкан.

Ферганалык кыргыздар туурасындагы маалыматты 1829-1830 жылдары Кокон хандыгына келген Н. И. Потаниндин жана [204, 35-36-бб.]. кыргыздар жөнүндө кызыктуу маалыматтарды жазган А. Вамберинин эмгектенине алууга болот [64 ].

Кокон хандыгынын саясий турмушу, "кыпчак кыргыны", хандыктагы так талашуу маселесин чагылдырган авторлордун бири чыгыш таануучу В. В. Вельяминов-Зернов болуп саналат. "Кыпчак кыргынына" кайрылган автор, "хандыкта бийлик үчүн күрөшүүдө тартипсиздик, баш аламандык көп болгон. Алардын катарына 1852-1853жылдардагы окуяларга кошууга болот"-деп белгилеген [191]. Ал эми Ч. Валихановдун эмгегинде болсо, Кокон хандыгынын ички саясий абалы, түндүк кыргыз уруулары менен Ферганалык кыргыздардын хандыка болгон мамилесин сүрөттөгөн [188, 316-17-бб.; 60, 315-б.].

Кокон хандыгынын саясий абалы, ички чыр-чатактар, көчмөндөр менен отурукташкан калактын ортосундагы саясий күрөштүн жүрүшү А.Кун [204,203], А. Нурекин [224], Н. Пантусов [226], Н. Ф. Петровский [196], А. П. Хорошкин [239,240], Н. Энгельгард [241] сыяктуу авторлордун эмгектеринде кеңири сүрөттөлөт. Эки-Суу арасына байланышкан окуялар, өзгөчө Кудаяр хандын доорундагы саясий күрөштөр, "кыпчак кыргынынын" келип чыгыш себептери, андагы Мусулманкулдун ролу жөнүндө кеңири маалыматтарды алууга болот. Революцияга чейинки доордогу эмгектердин ичинен Эки-Суу арасындагы Былкыллама деген жердеги Кудаяр хана менен Мусулманкулдун аскерлеринин ортосундагы кагылышуу чыгыштаануучу В. П. Наливкиндин [108,144-б] Алсак В. П. Наливкин; "кыпчактардын калаасынан ордого чейин ар бир 100-200 кадам сайын Мусулманкулдун көз алдында 5-10 кыпчактын башы алынып турган"- [108,145-б ] деп, жазган. Кокон хандыгынын саясий тарыхына көңүл бурган автор, хандыктын ички турмушу эки топтун ортосунда ордо бийлиги үчүн тынымсыз күрөш жүргөнүн баса белгилеген.

Кыргызстандын түштүк аймактарынын жери жана калкы тууралуу баалуу материалдар белгилүү саякатчы А. П. Федченконун эмгегинен табууга болот. Автордун эмгегинде Фергана өрөөнү, Алай, Памир тоолоруна болгон саякатынын жыйынтыктары изилденген [159, 29-б.].

Революцияга чейинки доордогу эмгектердин орчундуу бөлүгүн 1875-1876жылдардагы Эки-Суу арасына жасалган "Кышкы экспедицияны", Мамыр Мерген уулунун жетекчилиги астындагы элдик кыймылга байланышкан окуялар К. К. Абаза [1], А. И. Макшеев [91], Л. Ф. Костенко [75],

Д. И. Иванов [54], Ф. Лобысевич [88], И. Львов [90], Д. И. Романовский [207], А.Г.Серебренников [133,233], М. А. Терентьев [143, 144], Н. Г. Павлов [119] жана башка аскер адамдарынын эмгектеринде сүрөттөлөт.

Аталган эмгектердин ичинен каралып жаткан маселени түздөн-түз чагылдырган авторлордун бири А.Г.Серебренников болуп саналат. Автордун “1875-76-жылдардагы Кокон жүрүшү” аттуу эмгегинде “Кокон жүрүшүн” 4 этапка бөлүп кароо менен Эки-Суу арасына жасалган “Кышкы экспедиция” стратегиялык маанилүү пункт экендигин белгилеп өткөн [233]. Жыйынтыктап айтканда, каралып жаткан доордогу авторлор расмий көз караштты чагылдырып, белгилүү бир социалдык буйрукту аткарганына карабастан, алардын эмгектеринде конкреттүү тарыхый фактылар, статистикалык маалыматтар келтирилип, маалымдуулгу, тактыгы боюнча айырмалангандыгын белгилөөгө болот.

Б) Совет доорунда XVIII-XIXкк. Эки-Суу арасындагы кыргыздардын азаттык күрөшүнө карата көптөгөн илимий изилдөөлөр жарык көргөн. Алардын катарына М. Н. Покровский [124]. А. Л. Попов [229], П. Г. Галузо [41], С. Павлов, М. Рабиновичтердин [225, 47-56-бб.] эмгектерин кошууга болот. 1873-1876-жылдардагы окуяларга кайрылган авторлор Полот хандын жетекчилиги астындагы көтөрүлүштү улуттук-боштондук мүнөздөгү күрөш катары сүрөттөшкөн [225, 97, 273].

Каралып жаткан маселени изилдөөгө ири салым кошкон окумуштуулардын катарына Б. Жамгырчинов [47,48] К.Үсөнбаев [157] А.Хсанов [ 164,165] В. Плоскихтин [121 ] илимий эмгектерин кошууга болот. Белгилүү окумуштуу К.Үсөнбаев Кыргызстандын түштүк аймагынын Россия империясы тарабынан каратылышын кеңири, архивдик булактардын негизинде изилдөөгө алып, Эки-Суу арасындагы М.Д. Скобелевдин жетекчилиги астында жүргүзүлгөн “Кышкы экспедициянын” согушутук максатына кеңири токтолуп өткөн. Ал эми В. Плоских болсо 1762-1821жылдардагы Кокон хандыгынын Фергана өрөөнүн аймактарын каратуу, калмактарга каршы күрөшүүдө кыргыз урууларынын биримдигинин күчөшүнө байланышкан окуяларди изилдөөгө алган [ 121,89-98.-бб].

XVIII-XIXкылымдардагы Эки-Суу арасындагы азаттык күрөш постсоветтик дордогу тарыхчылар тарабынан кайрадан изилдөөгө алынып, тарых илиминдеги плюралистик көз караштардын шарданы менен жаңыча баа берүүгө аракет жасалып келүүдө. Каралып жаткан маселе боюнча окумуштуулар Т. Кененсариев [67, 68, 69,70, 71,197,198,199], К. Молдокасымов [212,213,214,215,216,219], Т. Өмүрбеков [114,115,], Б. Абытов [4], Ж. Алымбаев [5,6,7,8], Т. Өмүрзакова [118], Сапаралиев [127,128,] жана башкалардын эмгектерин атоого болот. Т.Кененсариев, К.Молдокасымов Кокон хандыгынын тарыхында кыргыздардын ээлеген ордуна терең анализ жүргүзүү менен “Кокон хандыгы – бул көп улуттуу өлкө, өзбек

этносу менен кошо эле кыргыз, тажик элдеринин да мамлекеттүүлүгү, кыргыз элинин мамлекеттүүлүгүнүн бир көрүнүшү” болгон деген көз карашты сунуштап келүүдө. Ал эми Ж.Алымбаев болсо Кокон хандыгынын тарыхында хандыктын биримдиги, келечеги үчүн күрөшкөн Нүзүп миңбашынын саясий ишмердүүлүгүнө терең талдоо жүргүзөт. Бирок, Эки-Суу арасындагы кыргыздардын азаттык күрөшү өз алдынча илимий иш катары изилдөөгө алынган эмес.

Каралып жаткан илимий теманын булактык базасы кеңири. Ошондуктан тарыхый булактарды төрт чоң топко бөлүүгө болот. Аларга: 1) архивдик булактар; 2) мезгилдүү басма сөздөр;3) өз алдынча жарык көргөн жыйнактар 4) жергиликтүү булактар.

Архивдик булактардын катарына Өзбек Республикасынын мамлекеттик архивинде сакталып турган “Подготовительные материалы к составленной полковником А.Г.Серебренниковым публикации документов. Туркестанский край сборник материалов по истории его завоевания»- деген аталыштагы (Ф.И.–715.) фондду кошууга болот. Аталган фонддогу материалдарда 1875-жылдын аягы 1876-жылдын башындагы Эки-Суу арасындагы орус аскерлери менен болгон жергиликтүү элдин каршылыгы сүрөттөлөт.

Мезгилдүү басма сөздөргө РГОнун басылма органдары болгон «Записки РГО», «Вестник РГО», «Известие РГО» басылмаларында жарык көргөн макалаларды кошууга болот. Мындан сырткары «Русский инвалид», «Биржевые ведомости» газеталарында, «Военный сборник», «Вестник Европы», «Русский Вестник»,«Исторический Вестник» журналдарында Кокон хандыгын каратууга байланышкан, жана Полот хандын жетекчилиги астындагы көтөрүлүштү чагылдырган көптөгөн макалалар жарыяланган.

Өз алдынча жарык көргөн жыйнактарга 594 томдон турган “Түркстан жыйнагын” кошууга болот. Илимде белгилүү болгондой“Түркстан жыйнагын К.П.Кауфмандын демилгеси менен И.В.Межов тарабынан түзүлө баштаган. И.Межовдун 20жылдык эмгектенүүсүнүн натыйжасында, 1867-1887-жылдары 416 тому даярдалган. Бул жыйнак коомчулукта “Межовдун жыйнагы” же болбосо «Түркстан жыйнагы» (толук аталышы «Туркестанский сборник”. Собрание сочинений о Түркстанском крае вообще и сопредельных с ним стран Средней Азии) - деген ат менен жарык көрө баштаган. Жыйнактын калган бөлүгү 1907-1916 жылдары 175 томдугу, жана 4 томдон турган «Систематикалык көрсөтмө» түзүлгөн. Жыйнактан XVIII –XIXкылымдарга тийешелүү болгон көптөгөн материалдарды алууга болот. Аталган жыйнактын электрондук варианты менен таанышууга үлгүрдүк.

Жергилүктүү булактардын катарына Мухаммад Хакимхан төрөнүн

"Мунтахаб ат-таварих" , Мирза Алим Рахим Ташкендинин “Ансаб-ас салатин ва таварих-ал хавакин”, Нияз Мухаммед Хукандинин "Тарихи- и Шахрухи" аттуу эмгектеринин [100], орусча котормосу кыргыз Зиябидин Максымдын “Фергана хандарынын тарыхы” [52] кошууга болот. Аталган тарыхый булактардан Кокон тарына байланышкан окуялар, өзгөчө Шералы, Кудаяр хандардын мезгилиндеги кыргыз-кыпчак кагылыштары туурасында маалыматтар кездешет. Жергиликтүү булактардын маанилүү бөлүгүн диссертант тарабынан эл оозунда сакталып келген маалыматтар түзөт. Алсак, атадан балага айтылып калган Молдо Арип, Базарбаев Сейтаалы, Базарбаев Айтаалы, Асанбеков Абдымомун, Калдаров Кудайберди, Атамов Кочкорбай, Асанбеков Абдыкайым, Парпибаев Дөкөн, Жоробаев Эсен, Разакулов Жолдошбай, Мамасадыков Дүйшалы, Арип уулу Шер ажы сыяктуу жергиликтүү санжырачылардын айткандарын илимий иликтөөгө кеңири пайдаландык [6.1-11].

**“Эки-Суу арасындагы кыргыздардын XVIII кылымдагы кыргыздардын коомдук-саясий өнүгүшү”** деген экинчи бапта Эки-Суу арасындагы кыргыздардын Кокон хандыгынын түптөнүү мезгилиндеги коомдук-саясий абалы (XVIII к.башы – 1730-жылдар) каралып, анда алгач санжыралык маалыматтарга анализ жасалат, өзгөчө жедигер, саяк, багыш, сол кыргыздарынын урууларына басым кылынат. Кожентти бийлеп турган кыргыз бийи Акбото [115, 157] менен Бабур тукуму Шахрухтун [185, 325-б.; 209, 93-б.] 1709-жылы Кокон ээлигин негиздеши ички жана тышкы факторлорго байланышкандыгы каралды. Ферганалыктардын “Коргон Төбө” курултайы [98, 227-б.] Кокон хандыгынын өнүгүшү тездетсе, өкүнүчтүүсү мына ушул зарылдыктын алкагында кыргыз уруулары да биригип, өз мамлекетин түзө албагандыгы белгиленди.

Бирок, Кыргызстандын түндүгү Жунгар баскынчылыгы алдында калып, эл түштүккө жер которуп, Ферганада, Эки-Суу арасында Жунгарлардан коргонуу, Түндүк Кыргызстанды Жунгарлардан бошотуу курултайы өткөн. Курултайда Кокондон “Коргон Төбө” биримдиги катышып, кыргыз, түрк, сарт элдеринин өз алдынча уруу хандыктары жоюлуп, калмак баскынчылыгына каршы баардык уруулардын бийлери тең ата мамиледеги курама биримдиги түзүлгөн [270, 40-б.]. Бул курултай “Курама курултайы” аталып, 1709-жылы бул биримдик Бухардан бөлүнүп, Кокон хандыгын түптөө үчүн элеттиктердин саясий аракетин, 1709-жылы түзүлгөн “Коргон-Төбө” биримдигин колдоп чыккан. Кокон ээлиги түптөлгөн мезгилде жедигерлердин бийи Кочкор эмес, 1708-жылы Кудаке бий хан көтөрүлгөнү [99, 292-б.; 32] менен кыргыздар жалпы биригип саясий ээлик түптөй алышкан эмес. Анын эң башкы эле себеби, көчмөн кыргыз элинде бекем сакталган уруулук түзүлүш, уруулук аң-сезим, анын натыйжасында жаралган уруулук бытырандычылык тоскоол болгону белгиленди.

Кокон ордосунун түзүлүшүнүн түрк тилдүү көчмөн элдерге, анын ичинде кыргыз эли үчүн да стратегиялык мааниси чоң болгон. Калмак баскынчыларына каршы күрөштө Борбор Азия элдеринин согуштук күчүн бириктирүү ишинде Кокон ордосу белгилүү роль ойногон. Илимий иште ойрот-жунгар баскынчылыгына каршы ферганалыктардын биргелешкен аракеттери баяндалат. XVIII кылымдын 30-жылдарында кокондуктар Ферганага басып кирип келген ойрот-калмактарга татыктуу каршылык көрсөтө алышпаган. Бирок, калмак баскынчыларына каршы боштондук күрөштө кыргыздар уютку болуп, негизги өнөктөшү кокондуктар жана кыпчактар эле. Бул кармаштарда жедигерлердин Рай бийи, Чоң Мамбет, Базыл, Шажыгай, Нияз ж.б.баатырлары, тейит, жоокесек, кытай кыдырша урууларынын өкүлдөрүнүн салымдары чоң болгон. Ошентип, баскынчылардын үстүнөн болгон бул жеңиштерге Эки-Суу арасындагы кыргыз уруулары олуттуу салым кошкондугу оозеки булактардагы маалыматтар аркылуу тастыкталды. Эки-суулук кыргыздар 1740-1760-жылдарда Кокон хандыгынын ички жана тышкы саясатына да активдүү катышышкан. Фергана өрөөнүндө калмак баскынчыларына каршы кыргыз-кокон союзунун чечкиндүү жана масштабдуу күрөшү 1745-жылдан баштап ургалдуу жүрө баштаган. Адегенде Орто Азия калкынын калмактарга каршы биргелешкен боштондук күрөшүнүн уюштуруучусу Кокон башкаруучусу Абдыкерим бий болгон. Бул боштондук күрөш биримдигине Орто Азиядагы көчмөн жана отурукташкан элдердин – кыргыз, казак, каракалпак, өзбек ж.б. баары кирген.

Кокон ордосундагы так талашуу Ферганынын тургундарынын калмактарга каршы биргелешкен боштондук күрөшүндө кокондуктардын ролун бир кыйла төмөндөткөн. Бирок, ал азаттык күрөшүн токтото алган эмес. Эми антижунгардык күрөштө негизги сокку уруучу күч кыргыздар болуп калган. Бир эле убакта, бирдей уюшкандыкта Ферганада, Чыгыш Түркстанда калмактарга каршы күрөш жүргөн [185, 80-б.]. Ошентип, “Кыргыз-батыш биримдиги” түзүлгөн деп айтууга болот. Бул биримдиктин коошундары топ-топко бөлүнүп, коргоно чабуул жасап, бирде жеңиш, бирде чоң жоготуулар менен коштолуп, Эки-Суу арасындагы кыргыздар бирде ийгилике, бирде жеңилүүгө дуушар болуп турган..

Эки-суулук кыргыздардан чыккан Кулчагачтын урпактары Нарбото, Кангайты Кокон хандыгынын саясий турмушуна активтүү катышкан инсандардын бири экендигин белгилеп кетүү абзел. Омор хандын мезгилинде Эки-суу арасын Нарбото башкарып турганы, анын эл арасындагы таасири күчтүү болгону белгиленет. Кыпчактардын башчысы Мусулманкул тарабынын уюштурулган кутум иштин натыйжасында 1847 жылы көз жумгандыгы оозеки булактарда айтылат.Ал эми Кангайтынын эки-суулук кыргыздарды башкаруусу 1850-1876-жылдарга туура келет. Ал кыргыз менен кыпчактын ортосундагы чыр-чатакты жоюга чоң аракет жасаган.

Эл оозунда: “Кангайты алып бийликти, жедигер кыпчак бирикти. Бүлүндүрбөй эл жерди, Мөнкө атаны тирилтти”-деген аңыз кеп айтылып жүрөт.

Кокон тарыхынын 1842-1876-жылдарды камтыган үчүнчү этабында [115, 11-б.] түштүк кыргыздардын бийлери хандыктын ички саясий турмушуна активдүү аралашып, хан тактысына кайсы мураскерди алып келүү маселесин чечип турушкан. Анткени, түштүк кыргыз урууларынын төбөлдөрү Кокон хандыгын өздөрүнүн мамлекети катары карашкан. Ошондуктан, профессор Т. Кененсариевдин Кокон хандыгын кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн бир формасы катары кароо жөнүндөгү илимий сунушу негиздүү [69].

1748/50–1770-жылдар Кокондун кубаттуу мамлекетке айлануу мезгили болгон. 1740-жылдары пайда болгон кыргыз-кокон согуштук өнөктөштүгүн Эрдене бий менен түштүк кыргыздарынын таасирдүү башкаруучулары Кубат бий кушчу, Эки-Суу арасындагы кыргыздардын башкаруучусу Чоң-Мамбет бий улантышып, анын натыйжасында калмак баскынчылары Фергана чөлкөмүнөн биротоло кууп чыгарылган. Талкаланып, чегинип бараткан калмак баскынчыларынын артынан сая түшкөн кыргыз колу, эми, Кыргызстандын түндүгүн: Талас, Чүй, Нарын, Ысык-Көл аймактарын 1751-1754-жылдар ичинде жунгарлардан бошоткон.

Бул боштондук күрөштө кыргыз колун башкарган баатыр бийлер: солтодон - Эр Солтоной, Ныша, сарбагыштан – Атаке, Жайыл, саяктан – Садыр, Качыке, саруу кыргызынан – Бердике, Бишкек ж.б. болгон. Ошентип, калмак жапырыгы мезгилинде түштүккө, Ферганага жер которууга мажбур болгон түндүк кыргыз уруулары, кайрадан өз ата журтуна көчүп келишкен. Элдик санжырада 50 миң түтүндөн ашуун эл Анжиян, Наманган, Аксы, Ала-Бука, Эки-Суу Арасынан кайра ата конуштарына көчкөндүгү айтылат. Конушу бир, мал жайса жайыты бир, көз жумса коюлчу мазары бир болуп калган түндүк кыргыз урууларынын, анын ичинде 500 түтүн жедигер уруусу да көчкөндүгү булактардан маалым. Жедигердин жети уруусунан чогулган 500 түтүнгө Кудакенин небереси Бердикенин баласы Сагынбек бий көтөрүлүп, Сары-Өзөн-Чүйгө отурукташкан [6.9,15-б].

1756-жылы Чыгыш Түркстандын түндүк бөлүгүн Кытай-манжур армиясы басып алат. Жунгар хандыгына жортуул жасап, аны 1758-жылы биротоло талкалайт. Калмактарды кытайлар болуп көрбөгөндөй мыкаачылык менен кыргандыгы белгилүү. 1758-жылкы Ферганадагы кагылышууда кытай колу 7000 жоокерин жоготуп, көп жоготууга учурап, чегинишкен. Сузактагы “Калмак кыргын” деп аталган жердеги бир нече күндүк согушта калмактарды биротоло талкалап, артка куушкан. Бул согушта Шажыгай баатыр чоң эрдик көрсөтүп, оор жаракат алат, бирок жоокерлеринин көпчүлүгү тирүү калып, мекендерине кайтып келишет. Чоң Мамбет Канай аттуу баласынан айрылган. Чоң Мамбет баатыр кыр-

гыз-кокон биримдигинин белгиси катары Шажыгай баатырдын кылычын Эрдене бийге салтанаттуу тапшырган деп айтылат санжырада [6.10]. 1758-1759-жылдардагы кыргыздардын калмактар менен болгон согушунун натыйжасында Кыргызстандан түндүк аймактарынан көчүп келген уруулар массалык түрдө Фергана өрөөнүн таштап ата конуштарына кете баштаган [40, 44-б.]. Ал эми Фергана, Анжияндын атырабын илгертен жайлап келген кыргыз уруулары өз конуштарында калган. Жедигер уруусу Эки-Суу арасынан жер которуп көчпөй, жашоосун уланта берген.

1770–1840-жылдарда Эки-Суу арасындагы кыргыздардын саясий активтүүлүгү күчөгөн. Кокон хандыгынын курамындагы саясий абалы сүрөттөлөт. Чоң Мамбеттин каза болушу менен эки-суулуктардын арасын жердеген кыргыз урууларынын ортосунда ич ара бийлик талашуу башталган. Чоң Мамбеттин ордуна анын кол башчысы Назар, андан соң 1815-жылы баласы Нарбото эки-суулук кыргыздарды башкара баштаган. Жедигер уруусунан чыккан Нарбото 12 жыл эл башкарып, жогорку даражалуу манап [6.11, 12-б.] деген наамды Мадали хандын учурунда алган. Наамы жогорулаганга байланыштуу, Кокон бийлиги тарабынан анын таасири кеңейип, Ала-Бука, Аксы, Өзгөн аймагы кошулуп, анын бийлиги азыркы Жалал-Абад облусунун аймагында таанылган. Ал өз аймагында кыргыз элин көчпөй туруктуу жашоого, отурукташтырганга жетишкен

**“Эки-Суу арасындагы кыргыздар 1840-70-жылдарда. Кокон мамлекеттүүлүгүн сактап калуу үчүн күрөш”-аттуу** деген бапта XIX-кылымдан 40-70жылдарынданы Эки-суу арасындагы кыргыздардын Кокон хандыгынын, Россия империясынын мезгилиндеги күрөшү, саясий окуяларга катышы изилденет. 1841 жылы Бухара эмиринин ордого басып кириши жана Мадали хандын өлүмүнөн кийин Эки-Суулуктар башка аймактагы кыргыздар менен алака түзүшүп, хан таксына мураскор издей башташкан. Нүзүп миңбашынын Шералыны хан көтөрүү демилгесин колдогон Нарбото кол чогултуп, негизги бөлүгүн Эки-Суу арасында кармап, 600 жигитине өзүнүн күйөө баласы Мусулманкулду кол башчы кылып дайындап, 1842 жылы Сафед-Булаңга жөнөткөн[6.9,17-б]. Элдик санжырада Сафед-Буланда хан көтөрүлгөн Шералыны такка олтургузуу үчүн Коконду каратууда Нарбото баштаган эки-суулук кыргыздардын активтүү катышкандыгы баяндалат.

Ал эми Кокондо бийлик алсырап турган мезгилде түндүктөгү кыргыздар Кеңеш өткөрүшүп, 1842-жылы жайында Ысык-Көлдө бугу, сарбагыш, солто, саяк, черик, саруу, кушчу урууларынын бийлери: Боронбай, Балбай, Жантай, Жангарач, Дуулат, Ажыбек баатыр, Калыгул Бай уулу, Алыбек, Мураталы бийлер чогулуп, курултай чакырышкан. Алардын чакыруусу менен Таластан Ажыбай датканын өкүлү, Алайдан Алымбек датка өзү, катышкан деген маалымат да бар” [148, 23-б.]. Ал кеңешмеде

Ормондун хан жарыяланышы Фергана чөлкөмүндө жашаган сарттарга, кыпчактардын башчысы Мусулманкулга жага бербеген. Элдик санжырага таянсак, 1843-жылы Майлуу–Суу өрөөнүнүн Чоң-Көгөй жайлоосунда Нүзүп миңбашы, Жангарач, Нарбото бийлер жолугушуп, саясий кырдаалды талкууга алышкан. Бирдиктүү кыргыз хандыгын түзүү маселеси талкууланган. Бирок, кийинки окуялар көрсөткөндөй, алардын аракеттери ишке ашпай калган [6.10,11-б]. Түзүлгөн кырдаалда Алымбек датка менен сүйлөшүүдөн кийин, Нарбото бүткүл кыргыздарды бириктирүүнү көздөп, 1844-жылы Ормон хан менен жолугушат [6.9, 12-б].

Кудаяр хандын мезгилинде эки-суулук кыргыздар "кыпчак кыргыны"деп аталган саясий чоң окуяга кабылганы белгилүү. Кудаяр хандын жаштыгынан пайдаланган Мусулманкул миң башылык даражаны ээлөө менен анын жүргүзгөн саясаты кыргыз гана эмес башка уруулардын ортосунда ажырым жаратып, тирешүүгө алып келген. Элдик санжырада Кокон ордосундагы Нарбото тиктирген он эки канаттуу боз үйдү өрттөтүп жиберген деген маалымат бар. Кудаяр хан бул көрүнүшкө өтө капа болгон [6.9,12-б]. Мусулманкул болсо Ноокендеги, Избаскендеги элди бөлүп-жарып, өзүнүн гана уруулаштарынан арасынан колдоо издей баштаган. Абалдын начарлап баратканын сезген Кудаяр хан Нарботонун тымызын пикирин билип, Мусулманкулдан кандай да болсо алыстоого аракеттене баштайт. Бирок, Нияз кушбеги сыяктуу сарт кеңешчилеринин кутумдугу менен Кудаяр хан да атасынын жолуна түшүп, тажик Золон башында турган атайын тапшырма алган топтун аракети менен Нарбото бийди Избаскендеги өзбек аялынын үйүнөн кармап, капыстан өлтүрүшөт. Нарбото бий 65 жаш курагында каза болгон [6.8, 12-б.]. Нарботонун өлүмү жөнүндөгү кабар Эки-Суу арасындагы кыргыз урууларынын наразычылыгын күчөткөн.

Нарботонун ордуна анын 24 жаштагы уулу Канай тандалып, ата бийлигин мурастаган. Бирок, көп өтбөй Мусулманкул уюштурган кутум иштин натыйжасында Канай бий да Ошто ордодон жөнөтүлгөн адамдар тарабынан уу берип өлтүрүлгөн. Нарботонун калган урпактары Мусулманкулдун кеңеши менен хан тарабынан куугунтуктала баштаган. Эки-Суу арасындагы кыргыздарды башкаруу Осмонкул бийге өткөн. Бирок, анын бийлигин Кудаяр хан тааныган эмес, хан өзү эки-суулук кыргыздарды толук көзөмөлгө алууга аракеттенген. 1850-жылы Избаскенде чогулган калың эл, Нарботонун алтынчы баласы 14 жаштагы Кангайтыны бий шайлашкан [6.4,15-б]. Арада Мусулманкул баштаган кыпчактардын жоругуна наразы болгон Кудаяр хан 1850-жылдан тарта Мусулманкулга ачык каршы туруп, "кыпчактарды кыруу" буйругун берген.

Кыпчактарды кыруу Кокон хандыгынын көп шаар-кыштактарында улам күчөп олтурган. "Кыпчак кыргынынын" айыгышкан чеги 1852-жылдын күзүндө Эки-Суу арасындагы Былкыллама деген болуп өткөн.

Эки-суулук кыргыздар Мусулманкулду кармап, Избаскендин жанындага Уйчу кыштаганда токтогон Кудаяр хандын колуна алып барып тапшырган. Кокондуктар Мусулманкул менен кошо көптөгөн кыпчактын эр азаматтарын туткундап, Коконго алып кетишип, Мусулманкулдун көзүнчө өлтүрүшкөн [6.9, 10-б]. В. Н. Наливкин: "Мусулманкулдун көз алдында кокон сарбаздары кыпчактарды мууздап турганын белгилеп, адам чыдагыс жазалоо Кокондун борбордук аянтына чейин уланганын жазып кеткен"-деп белгилейт [108,177-б.]. Кыпчактарды тынымсыз мууздап турган бул "тири укмуш" үч күнгө созулуп, Мусулманкул төртүнчү күнү Кокондун кой базарында дарга асылган, да анын денеси дагы үч күн эл көзүнөн алынбай турган [108, 45-б.].Үч ай улантылган кыпчак кыргынында орус ориенталисти Л. Соболевдин берген маалыматында Фергана өрөөнү боюнча 20 миңден ашуун кыпчактар кырылгандыгын белгиленген [152, 160, 17-б.].

Демек, өз алдынча мамлекет куруу максаттын көздөгөн кыргыздын чыгаан атуулдары курмандыка чалынып, арада бул идеяга жолтоо болгон факторлордун бири Россия империясынын каратып алуу саясатынын күчөшү болгон. 1855-1868-жылдары арка кыргыздары толугу менен орус букаралыгын кабыл алышкан. 1863-жылы Кетмен-Төбөгө Байтиктин жасаган жортуулунан улам саяктар жер которуп качышып, Эки-Суу арасына көчүп келишкен. Кангайты бий: "төрт кылым чогуу болгон бир атанын урпактарыбыз" деп, качып барган саяктарды Майлуу-Суу дарыясынын сол жээгине отурукташтырган [ 6.5.45-б].

Эки-суулук кыргыздардын азаттык күрөшү XIXк. 70 жылдары Россия империясынын Фергана өрөөнүн каратып алуу саясаты учурунда кайрадан күчөгөн. Ташкент, Бухара аймагындагы окуялардан кийин Фергана өрөөнүндө падышачылыктын саясатына каршы элдик толкундоолор башталган. 1870-72-жылдардагы майда толкундоолордон кийин негизги кыймыл 1873-жылы башталган. Көтөрүлүш 1873-жылдын жазында башталып, үч жылга созулган жана буга чейинки чаржайыт көтөрүлүштөрдөн айырмаланып, Фергана өрөөнүнүн бүт аймагын кучагына алган нукура элдик мүнөздөгү көтөрүлүш болгон. Тарыхый булактар тастыктап тургандай кыймылдын очоктору: Алай өрөөнү, Түштүк-батыш очогу (Баткен-Лейлек аймагы), Аксы очогу, Эки–Суу арасында пайда болгон. Бул борборлор көтөрүлүш учурунда бири-бири менен тыгыз байланышта болгондугу изилдөөлөрдө ырасталат [71, 208-239-бб.]. Жалпы көтөрүлүштү кыргыздын ичкилик тобунун бостон уруусунан чыккан Искак Асан уулу (Полот хан) жетектеген. Ал эми Эки-Суу арасындагы элдик толкундоолор 1873-жылдын жазында башталып, анын башында Мамыр Мерген уулу турган. Ал өмүрүнүн аягына чейин өз элинин эркиндиги үчүн башын сайып күрөшүп өткөн инсандардын бири болгон. 35 жаштагы Мамыр Мерген уулу жетектеген Эки-Суу арасын, Көгарт өрөөнүн, Сузактан Өзгөнгө чейинки

чөлкөмдөрдү туруктаган кыргыздардын мундуз, багыш, басыз, карабагыш, кушчу жана жедигер урууларынын Кудаяр ханга каршы көтөрүлүшү 1873-жылдын жаз айларында башталган. 1874-жылы да уланган. Мамыр Мерген жазалоочуларды талкалап, Жалал-Абад, Ханабад кыштактарын ээлеген. Өзгөн шаарын алган. 1874-жылдын май айында Кара-Кулжа чөлкөмүнүн кыргыздары Мамырдын жетекчилиги астында жаңы күч менен күрөшкө чыгышкан. 5–6 миң кишиден турган көтөрүлүшчүлөр Анжияндан алыс эмес Коргон-Бардан сепилин алып, Анжиянга чабуул коюшкан. Бирок, 2 миң сарбаздан турган хандын мыкты куралданган аскерине туруштук бере албай жеңилүүгө дуушар болушкан. Мамыр ушундан кийин Теңир-Тоодогу Капка өрөөнүнө качып кеткен, бирок Кокон ханынын өтүнүчүнө байланыштуу Токмок уездинин башчысынын буйругу менен жөнөтүлгөн 50 казак-орус, 20 жөө аскердин курчоосунда калып, 1874-жылы 15-июлда кармалган [120, 57-б] .

1875-жылдын жаз айларында башталган көтөрүлүш тез эле Кокон хандыгынын дээрлик бардык аймагын кучагына алган. Эми көтөрүлүшкө хандыктагы калктын бардык социалдык катмары кошулуп көтөрүлүш жалпы элдик мүнөзгө айланган. Искак Коконго жүрүштү Эки-Суу арасынан баштаган, анткени бул аймак элдик кыймылдын негизги очогу эле. Хандыктын башкы шаарларынын дээрлик баары көтөрүлүшчүлөрдүн колуна өткөн. Кудаярдын эң жакын ишенимдүү адамдары: Абдрахман аптабачы, уулу Насирдин бек, Иса олуя, увазири Зулпукарбек ж. б. көтөрүлүшчүлөргө кошулуп кетишкен.

1875-жылдын ноябрь айынын акырында Полот хан Асакеден Маргаланга көчүп, аны мамлекеттин убактылуу борбору деп жарыялаган [68, 46-б.]. Анткени, Маргалан шаары Коконго жакын эле. Ага чейин, көтөрүлүшчүлөр 9-октябрда Коконду алышкан. Насреддин бек атасынын жолун жолдоп, Кожентке качкан. Искак-Полот хан хандыктын жалгыз чыныгы башкаруучусу болуп калган. Коконго Полот хан 14-декабрда чоң шаан-шөкөт менен кирген [220, 67-81-бб.].

Бирок, кырдаал оорлоп, 1876-жылы 23-сентябрь күнү түзүлгөн экинчи орус-кокон келишиминин негизинде хандыктан Наманган аймагы бөлүнүп, Наманган бөлүмү деген ат менен Орусиянын курамына киргизилген. Наманган бөлүмүнө Фергана өрөөнүнүн түндүк бөлүгүндө жайгашкан өзбектер, тажиктер, кыргыздардын кутлук-сейит, багыш, кытай, саруу ж.б. уруулары жашаган Наманган, Чуст, Касан, Гурум–Сарай, Ала-Бука, Кызыл-Жар, Ак-Суу, Афлатун, Кара-Суу, Падша-Ата, Тегене ж.б. чөлкөмдөр карап калган [70, 265-б.].

Фергана өрөөнүн маанилүү стратегиялк аймактарынын бири болгон Эки-Суу арасына орус аскерлери тарабынан “Кышкы экспедициясы” аттуу согуштук күрөш баштаган. Бул жүрүш Түркстан генерал-губернатору

К. П. Кауфмандын демилгеси менен генерал М. Скобелев тарабынан аткарылган. Бул согуштук жортуул 1875-жылдын 26-декабрынан – 1876-жылдын 3-январына чейин созулган жана болуп көрбөгөндөй мыкаачылык менен коштолгон. Жергиликтүү калкты тукум курут кыруу максаты, жашыруун пландалганды жүрүштүн кийинки жыйынтыктарында көрүнгөн [70, 289-319-бб.].

Эки-Суу Арасына согуштук экспедицияны жүргүзүүнүн максаты тынчы жок көчмөндөрдү кыштоолордо олтурганда талкалоо болуп саналган. Кыш-күрөөдө, ат-көлүк арып турган чакта көчмөндөр кыштоолорун, мал-мүлкүн таштап, тоолорго качып кетүүсү мүмкүн эмес эле. Орус аскерлеринин жүрүшкө даярданып жаткандыгы жөнүндөгү кабар Полот ханга да жетип, ал да баскынчыларга каршы даярдыктарды көрө баштайт. Анжыян шаары көтөрүлүштөн чордону катары эсептелип, саясий жана экономикалык чоң мааниге ээ болгондуктан, аны коргоого өзгөчө көңүл бурулган.

Изилдөөлөрдөгү жүрүштүн хроникасын баяндаган маалыматтарга, башка булактарга караганда алгачкы эле күнү баскынчылар тарабынан эч жазыксыз, тынч жаткан Чөжө, Балыкчы кыштактары өрттөлүп, таланып-тонолгон. 27-декабрь күнү А. Меллер-Закомельский командачылык кылган атайын отряд Кара-Дарыянын сол жээгиндеги Сармак, Кожо-Абад баштаган бир топ кыштактарды өрттөшүп, тургундардын мал-мүлкүн олжолошкон. 28-декабрда экспедициялык корпус кыпчактардын эзелки борборлорунан болгон Пайтык кыштагына багыт алган. Жолдо Тода, Кожо-Абад, Шор-Арык кыштактары тыптыйпыл талкаланып, аёосуз талап-тонолгон. 29-декабрь күнү М. Скобелевдин колоннасы Анжыян багытындагы Өлмас, Жети-Кашка, Табылды сыяктуу бир нече кыштактарды талкалап кайткан.

30-декабрда орус жазалоочулары Хакул-Абад кыштагын өрттөшүп, андан ары жылып, Пайтыкка 2-3 чакырым келишип. Өргүү алышкан. 31-декабрь күнү Пайтыктын жанында өргүү алып жаткан негизги күчтөрдөн жазалоо ишине өтө маш, мыкаачы барон А.Н.Меллер-Закомельский күчтүү куралданган отряд бөлүп алып, түндүк жана түндүк-чыгыш тараптардагы кыргыздардын жана кыпчактардын кыштоолорун карай жүрүшкө чыгып кеткен. Отряддын максаты тоо этектериндеги кыргыздардын айыл-кыштактарын талкалап кайтуу болгон.

Молдо Ариптин айтуусуна караганда кыргыз айылдарындагы согушка жарамдуу жигиттер Полот хандын колуна кошулуп, Асакеде болгон. Айылдарда кары-картаң кемпир,чал, кыз-кыркын, жаш балдар гана калган. Ага карабастан жазалоочу отряд кыргыз айылдарына кыргын салган, үйлөр өрттөлүп, мал-мүлкү талап-тонолгон [33].

31-декарь күнү негизги күчтөрдөн бөлүнүп чыккан А. Н. Меллер-Закомельскийдин отряды Ак-Мазар, Лугумбек кыштактарын, бир нече кыргыз кыштоолорун талоонго алып, өрттөп жиберген. Кыштоолордо

калган кары-картаңдардын айтымында кыргыздардын көпчүлүгү ошол күнү таңга жуук Бүргөндү тарапка качып кетишкендиги билинген. Избаскен кыштагын талкалоого чакан отрядды жиберип, А. Н. Меллер-Закомельский атчан бөлүк менен Бүргөндүгө карай бет алган. Азыптозгон качкындарга жетип барып, жаш бала, кары-картаңына карабай каалагандай кыргын салган [70, 289-319-бб.].

1875-жылдын 31-декабрынан 1876-жылдын 1-январына караган түнү Избаскендин жанындагы Майлуу-Суу өзөнүндө өргүү алып, эртеси чыгыш тараптагы Масы кыштагына бет алган. Жазалоочу отряд экиге бөлүнүп, эки багытта аракеттенген. Бири, тоо этектеп, кыргыздардын кыштоолорун кыйратып жүрүп отурган. Ал багытта ал мезгилде Кыла, Эски Кочкор-Ата, Беш-Мойнок, Апыртан, Богот ж. б. айылдар орун алган. Экинчиси түштүгүрөөктөгү Такачы, Чоң-Багыш кыштактарын (азыркы Сакалды, Чоң-Багыш кыштактары) талоонго алып, андан ары Кара-Жантак, Хайрабад, Кокон-Кыштак, Жаңгыз-Бак кыштактарын өрттөп Масыга чыгып келген. Жаңгыз-Бактын жанында жазалоочу отряд Токмок уездинен түштүктөгү туугандарын жардамга келген Суран аттуу жигиттин 800дөй жигиттери менен кагылышкан. Жакшы куралданган орус аскерлерине туруштук бере албай Сурандын кошууну тоо тарапка чегинген.

Масы кыштагын жана анын айланасындагы Тоскоол, Шайдан, Арпачы сыяктуу кыргыз, кыпчактардын кыштоолордун коргондорун өрттөп, качкандан калган мал-мүлкүн олжолоп алгандан кийин, Меллер-Закомельскийдин отряды 2-январь күнү артка кайтып, калкы качып кеткен Чувама жана Аптабачынын медресеси кыштактарын ээлеген. Абдрахман аптабачыга тиешелүү үй талоонго алынып, медресеси тыптыйпыл өрттөлгөн. Ошондон кийин гана, бул отряд эртеси 3-январь күнү Мусулманкул-Арыкта өргүп жаткан М. Скобелевдин негизги кошуунуна келип кошулган. Ошентип, согуштук экспедициянын тикеден-тике Эки-Суу арасына жасаган жүрүшү аяктаган. Эмки максат көтөрүлүшчүлөрдүн негизги очогу болуп саналган Анжыян шаарын алуу болгон.

Анжыян шаары катуу каршылык көрсөткөнүнө карабай, замбирек, тез атма мылтык менен жакшы куралданган орус аскерлери тарабынан 8-10-январь күндөрү алынган. Айрым булактардын маалыматына таянсак, Анжыян шаарын коргоодо 20 миңдей жергиликтүүлөр: кыргыздар, кыпчактар, түрктөр жана шаардык сарттар набыт болгон. Бул кыргынды орус баскынчыларынын Эки-Суу арасында жүргүзгөн геноциддик иш-аракети катары да саноого мүмкүн.

Бирок, орус чиновниктеринин өзүлөрүнүн изилдөөлөрүндө белгиленгендей, Эки-Суу арасына уюштурулган “Кышкы экспедиция” максатына жеткен эмес [93, 341-б.]. Анткени, кыргыздар, кыпчактар мүмкүн болгон мал-мүлкүн алып, тоолорго, негизинен Майлуу-Суу, Чилмайрам, Намаз-

дык-Ата, Көгөй, Алаш, Арстанбап, Көк-Арт, Өзгөн тараптарга качып кетүүгө үлгүрүшкөн. Жазалоочулардын кыргынына айыл-кыштактарда калып калган калган чал-кемпирлер, аялдар, жаш балдар туш болушкан.

Эки-Суу арасында жүргүзүлгөн жазалоо экспедициясы Фергана тарыхында өзүнүн мыкаачылыгы жана кыргын мүнөзү жагынан Азиядагы орус баскынчылыгынын башка мисалдарынан алда канча ашып түшөт.

## КОРУТУНДУ

Диссертациянын корутунду бөлүмүндө изилдөөнүн натыйжалары боюнча төмөнкүдөй жыйынтыктар чыгарылды:

- XVIII-XIX кк. кыргыз элинин тарыхындагы оор мезгилдерден болгондугу, уруулук бытырандылыктын айынан мамлекет түптөй албагандыгы, кыргыздардын Кокон мамлекети менен өнөктөш болуп, калмак баскынчылыгынан бошонгондугу, андан кийин эки-суулук кыргыздардын Кокон хандыгынын XVIII кылымдын экинчи жарымында жана XIX кылымдын 70-жылдарынын ортосуна чейинки саясий окуяларга актвидүү катышкандыгын жазма жана оозеки булактар аркылуу тастыктоого болот

-Эки-суулук кыргыздардын Нарбото, Кангайты сыяктуу тарыхый инсандарынын ишмердиги, кыргыздардын Кокон хандыгын өз мамлекети катары туюп, аны сактап калууга азаттык күрөштөрүн жүргүзгөн инсандардын бири катары баалого болот

- Орусиянын ФерганаFны басып алууга карата саясаты жана эки-суулук кыргыздардын антиколониалдык күрөшү, анын каарманы болгон Мамыр Мерген уулунун аракетинин тарыхый маанисин белгилөө менен, орус баскынчыларынын 1875-жылдын кышындагы Эки-Суу арасында каардуу жана кыргынды алып келген мыкаачылык жортуулу боюнча маанилүү пикирлер корутундуланды.

## ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

XVIII – XIX кк. Фергана өрөөнүнүн Эки-Суу арасындагы кыргыздардын көз карандысыздык үчүн күрөшүнүн келечеги тийешелүү практикалык сунуштарды талап кылат:

- Кыргызстандын жана кыргыз элинин тарыхына, мектептер жана жогорку окуу жайлар үчүн окуу китептерине Фергана өрөөнүнөн чыгып, унут калган тарыхый адамдардын ысымдары, иши кенири киргизилсин. Кыргыз элинин биримдиги жана эркиндиги үчүн күрөшкөн ата-бабалардын эрдиктерин чагылдырууга зор көңүл бурулсун. Келечек муундарды атуулдук дүхта тарбиялоо максатында Фергана өрөөнүндөгү азаттык үчүн күрөшүүдө активдүү ролду ойношкон эки-суулук Нарбото, Кангайтинин ишмердүүлүгүн терендетип изилдөө, жана аларга байланыштуу илимий конференцияларды уюштуруу зарыл.

- Жакынкы жана алыскы чет өлкөлөрдөн документалдык булактарды табууга жана жарыялоого көңүл бурулсун. 594 томдуу “Түркстан жыйнагындагы” материалдарды келечекте тарыхый булак катары терең изилдөө талап кылынат.

- Бул багыттагы иликтөөлөргө коомдук илимдер тармагындагы окумуштуулар жана чыгармачыл чөйрөнүн өкүлдөрү мамлекеттер аралык денгелде жигердүү тартылсын.

**Диссертациянын мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылган:**


1. Арипов, Т.Ш. Эки-Суу Арасындагы кыргын. [Текст]/Т.Ш.Арипов//. – Бишкек, 2011. 230-б.
2. Арипов, Т.Ш. Эки Суу Арасы Кыргызстан XVI-XIX кылымдарда. [Текст] /Т.Ш.Арипов//. –Б., 2013. 234 б.
3. Арипов, Т.Ш. Кыргызстан XVI-XX кылымдарда. Кыргызстандын түштүгүнөн чыккан улуу инсандардын көз карандысыздык үчүн күрөшү. [Текст]/Т.Ш.Арипов//. – Бишкек, 2014. 232 б.
4. Арипов, Т.Ш. Эки Суу Арасы XVI кылымда жана XVIII кылымдын биринчи жарымында [Текст]/Т.Ш. Арипов//.—Бишкек, 216. 118 б.
5. Арипов, Т.Ш. Эки Суу Арасы XVIII кылымдын экинчи жарымынан XIX кылымдын аягына чейин. [Текст] /Т.Ш.Арипов//.—Бишкек, 2016. 164 б.
6. Арипов, Т.Ш. Жедигер насили Кулчагач хан жана анын урпактары. [Текст] /Т.Ш. Арипов//.—Бишкек, 2016. 56 б.
7. Арипов, Т.Ш. Южный Кыргызстан во второй половине XIX века [Текст] /Т.Ш. Арипов// “IЗДЕНIС-Поиск”.-№3/2013. Алмата, 2013, с.75.
8. Арипов, Т. Ш. Южный Кыргызстан в период 20-х годов XX века [Текст] /Т.Ш. Арипов//.“Новая наука: современное состояние и пути развития”. –в 4 ч. Ч.4. Стерлитамак, 2016, с.196.
9. Арипов, Т.Ш. Кокон хандыгын түптөгөн кыргыз биримдигинин XVIII кылымда Кыргызстанды калмактардан бошотуусу [Текст] /Т.Ш. Арипов// “Наука и новые технологии” - № 9. Бишкек, 2010, 89-б.
10. Арипов, Т.Ш. XVI-XVII кылым. Кыргыз биримдигинин Кокон ордосун түзүүсү. Кыргыздардын калмак баскынчылык согушуна каршы күрөшүүсү [Текст] /Т. Ш. Арипов// “Наука и новые технологии” –№9. Бишкек, 2010. 113-б.
11. Арипов, Т.Ш. XVIII кылымдын экинчи жарымында Кыргыздардын Кокон бийлигине таасирин жоготуусу жана саясий абалы [Текст] /Т.Ш. Арипов// “Известия вузов” -№9. Бишкек, 2011, 138-б.
12. Арипов, Т.Ш. XIX кылымдын биринчи жарымында Кокон бийлигинин бухар хандыгына көз карандылыгын таануусу. Кыргыз биримдигинин Кокондо кайрадан саясий таасирин калыптандыруусу [Текст] /Т. Ш.

Арипов// “Известия вузов” –№ 9. Бишкек, 2011, 145-б.
13. Арипов, Т.Ш. Борьба с басмачеством в южном Кыргызстане [Текст] /Т.Ш. Арипов// “ Новая наука: современное состояние и пути развития”. –в 4 ч. Ч.4. Стерлитамак, 2016, с.199.
14. Арипов, Т.Ш. Истоки борьбы за независимость в Междуречье против гнета Кокандского ханства [Текст] /Т.Ш. Арипов// “Фундаментальные проблемы науки” –В 4 ч. Ч.4. Тюмень, 2016, с.71.
15. Арипов, Т.Ш. Борьба за независимость в Междуречье, карательная “Зимняя экспедиция” Российской империи в Междуречье [Текст] /Т.Ш. Арипов// “Фундаментальные проблемы науки” – В 4 ч. Ч.4. Тюмень, 2016, с.74.
16. Арипов, Т.Ш. Борьба за независимость южных кыргызов, итоги карательной “Зимной экспедиции” Российской империи в Междуречье [Текст] /Т.Ш. Арипов// “Фундаментальные проблемы науки”.- В 4 ч. Ч.4. Тюмень, 2016, с.77.
17. Арипов, Т.Ш. Эки-Суу Арасына жазалоо жүрүшү жана анын кесептери [Текст] /Т.Ш. Арипов// “Борбордук Азияны дүңгүрөткөн улуттук-боштондук көтөрүлүшкө 100 жыл. “Тарых жана мурас” түрмөгү. 1916-жылкы көтөрүлүштүн 100 жылдык маараkесине арналган илимий жыйындын баяндамалары, макалалар, архивдик ж.б.маалыматтар.- Бишкек, 2016, 227-231-бб.

**Арипов Тургуналы Шериевичтин “ Фергана өрөөнүнүн Эки-Суу арасындагы кыргыздардын көз карандысыздык үчүн күрөшү (XVIII – XIX кк.) деген темадагы 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин**

# РЕЗЮМЕСИ


**Ачкыч сөздөр:** Эки-Суу арасы. Жунгар баскынчылы. Азаттык күрөштөр. Кокон хандыгы. “Кыпчак кыргыны”, “Кышкы экспедиция”,Фергана өрөөнүнүн Россияга каратылышы.

**Изилдөөнүн объектиси** – Фергана өрөөнүнүн Эки-Суу арасында жашаган кыргыз уруулары.

**Изилдөөнүн предмети** – Эки-суулук кыргыздардын XVIII–XIX кылымдардагы Жунгар, Кокон хандыктары, Россия империясынын доорундагы азаттык күрөштөрү.

**Изилдөөнүн максаты** - Фергана өрөөнүнүн Эки-Суу Арасында жашаган кыргыз урууларынын XVIII–XIX кылымдардагы тарыхын жана азаттык күрөштөрүн комплекстүү изилдөө.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**

- Кыргызстандын поссоветтик доордогу тарыхнамасында Фергана өрөөнүнүн Эки-Суу арасындагы кыргыздардын XVIII-XIX кк. саясий тарыхы, азаттык күрөштөрү биринчи ирет комплекстүү түрдөө изилдөөгө алынды
- Азаттык үчүн күрөштө Эки-суулук кыргыздардан чыккан айрым тарыхый инсандар, жана алардын ичинде Нарботонүн. Кангайтынын саясий ишмердиктери такталды, ролу көрсөтүлдү
- Эки-суулук кыргыздардын Жунгар, Кокон хандарынын, Россия империясынын доорундагы күрөштөргө жаңыча берүүгө аракет жасалды.

**Изилдөөнүн теориялык жана практикалык мааниси.** Диссертациянын материалдарындангы камтылган илимий жоболор, көз караштар жана изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын, жана коңшулаш элдердин тарыхын окутууда колдонулушу мүмкүн. Илимий эмгектеги айрым инсандардын ишмердиги Кыргызстан тарыхынын инсантаануу маселеси боюнча Жогорку окуу жайларда атайын курстарды даярдоодо, илимий эмгектерди басып чыгарууда жана лекциялык материал катары колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык эмгектеги азаттык үчүн күрөшкөн кыргыздардын басып өткөн жолу, айрым инсандардын элди бириктирүү аркеттери, жаш муундарды мекенчилдике тарбиялого, улуттар аралык ынтымактыкка сактоого, үндөөгө үгүтөшү мүмкүн.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүү бөлүмүнөн, 3 баптан, корутунду, практикалык сунуштамадан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат.

# РЕЗЮМЕ

**диссертации Арипова Тургуналы Шериевича “Борьба кыргызов Эки-Суу Арасы Ферганской долины за независимость в XVIII – XIX вв.” на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.02 – отечественная история**

**Ключевые слова**: Эки-Суу Арасы. Джунгарские нашествия. Освободительная борьба. Кокандское ханство. “Кыпчакская резня”. “Зимняя экспедиция”.Завоевание Россией Ферганской долины.

**Цель диссертации** – комплексное исследование истории кыргызских племен, населявших территорию Эки-Суу Арасы Ферганской долины, их борьбы за независимость в XVIII–XIX вв.

**Объект исследования** – кыргызские племена, населявшие Эки-Суу Арасы Ферганской долины в XVIII–XIX вв.

**Предмет исследования -** борьба кыргызов Эки-Суу Арасы Ферганской долины за независимость в XVIII–XIX вв. во времена Джунгарского, Кокандского ханств, Российской империи.

**Научная новизна диссертации**

1. Впервые в постсоветской историографии Кыргызстана в комплексном плане исследована политическая история, в том числе освободительная борьба кыргызов Эки Суу Арасы периода XVIII-XIX вв.

2. Раскрыта политическая деятельность ряда исторических личностей, в том числе и Нарбото-бия, Кангайти, их роль в освободительной борьбе кыргызов Эки Суу Арасы;

3. Предпринята попытка с новых, объективных позиций осмысления различных аспектов борьбы кыргызов Эки Суу Арасы в периоды Джунгарского, Кокандского ханств, Российской империи.

**Научно-практическое значение диссертации.** Научные положения, выводы диссертации могут использоваться в процессах преподавания истории Кыргызстана и соседних с ним государств. Сведения о деятельности исторических личностей окажут содействие при подготовке специальных курсов, лекций, в создании научных трудов. Материалы диссертации могут стать хорошим подспорьем в воспитании молодого поколения в духе патриотизма, межнационального согласия.

**Структура и объем диссертации .** Диссертационная работа состоит из введения, трех глав, заключения, практических предложений, перечня источников и литературы, 1 приложения.

# SUMMARY

**Of the dissertation entitled "The Struggle of Kyrgyz in Eki-Suu Arasy Ferghana Valley for Independence in XVIII - XIX centuries" written by Aripov Turgunaly Sherievich for the degree of Candidate of Historical Sciences, specialty 07.00.02 - Native History.**

**Keywords:** Eki-Suu Arasy. Jungar invasion. Liberation struggle. Kokand Khanate. "Kipchak massacre". "Winter Expedition". Russian conquest of the Ferghana Valley.

**The aim of the dissertation** is a comprehensive study of the history of Kyrgyz tribes inhabiting the territory of Eki-Suu Arasy in Ferghana Valley and their struggle for independence in the XVIII-XIX centuries.

**The object of the dissertation** is the Kyrgyz tribes inhabiting Eki-Suu Arasy in Fergana Valley in XVIII-XIX centuries.

**Subject of the research** is the struggle of Kyrgyz in Eki-Suu Arasy in Fergana Valley for their independence in the XVIII-XIX centuries during the times of Jungar, the Kokand Khanate and the Russian Empire.

## The Scientific Novelty of Dissertation

1. The political history, including the liberation struggle of the Kyrgyz in Eki-Suu Arasy in the period of XVIII-XIX centuries is studied in the complex plane for the first time in the post-Soviet historiography of Kyrgyzstan.
2. Political activities of a number of historical figures, including Narboto-Biy, Kangayti, and their role in the liberation struggle of the Kyrgyz Eki-Suu Arasy are explored;
3. An attempt was made to the new position of objective understanding of the various aspects of the struggle of Kyrgyz in Eki-Suu Arasy during the periods of Jungar, the Kokand Khanate and the Russian Empire.

## Scientific and Practical Significance of the Dissertation

Scientific provisions and conclusions of the dissertation can be used in the process of teaching history of Kyrgyzstan and neighboring countries. Information on the activities of historical figures will assist in the preparation of special courses, lectures, and in the creation of scientific papers. Dissertation materials can be of great help in educating the young generation in the spirit of patriotism and interethnic consent.

## The Structure and Scope of the Dissertation

The dissertation consists of an introduction, three chapters, conclusions and practical suggestions, the list of sources and literature, the appendix 1.

29.11.2016-ж. басууга кол коюлду. Өлчөмү 60Х84 1/16.
Кагаз офсет. Офсеттик басуу. Көлөмү 1,5 б.т. Нускасы 100.
Бишкек ш., Раззаков к., 49. ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
т. 62-67-76
e-mail: talant550@gmail.com